**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин эксперти изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясына**

# КОРУТУНДУ

Эксперттик комиссиянын мүчөсү: философия илимдеринин доктору, профессор К.Исаев изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын (илимий жетекчи: социология илимдеринин доктору, доцент Мендибаев Н.) карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы кандидаттык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин профилине толук туура келет. Бул диссертациялык иште өзгөрүлүп жаткан коомдо социалдык институт катары музейлердин социалдык маңызы жана өнүгүү механизмдери аныкталып, диссертациялык иш 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-97-20
«14» 10 2021 ж

**2. Иштин максаты катары** өзгөрүлүп жаткан коомдо социалдык институт катары музейдин социалдык маңызын жана өнүгүү механизмдерин аныктоо жана аны андан ары өнүктүрүүнүн жолдорун жана багыттарын иштеп чыгуу (Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлердин мисалында) каралып, коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй милдеттер аныкталган:

1. Музейдин социалдык маңызын жана анын азыркы коомдогу социалдык ролунун өзгөрүшүн ачып көрсөтүү;

2. Музейди социалдык мекеме катары изилдөөнүн негизги теориялык ыкмаларын аныктоо жана аны ар тараптуу социологиялык изилдөө методикасын белгилөө;

3. Музейдин социалдык мекеме катары өнүгүүсүнүн аймактык өзгөчөлүктөрүн жана факторлорун ачып берүү;

4. Эмпирикалык изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде музейдин заманбап имиджин, анын милдеттерин жана кызматтарын аныктоо;

5. Аймактагы музей ишин өркүндөтүүнүн негизги жолдорун жана багыттарын негиздөө;

6. Музейди өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык институт катары өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу (аймактык аспект).

Бул иш 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Сунушталган диссертациянын темасы «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» актуалдуу илимий проблемага багытталып, негиздүү тандалган.

Ар бир элдин руханий байлыгы көбүнчө өзүнүн тарыхый эс тутумун, улуттук жана маданий каада-салттарын сактоо жана өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Бул көйгөйдү чечүүдө тарыхтын жана маданияттын баалуулуктарын чогулткан, сактаган, кайра жаңырткан, классификациялаган жана көргөзгөн музейлер маанилүү ролду ойнойт. Бардык учурларда улуттун калыптанышы үчүн музей өзгөчө руханий күчкө ээ болгон жана бүгүнкү күндө да анын ролу кайрадан актуалдуу болуп келүүдө. Бул улуттук жана маданий иденттүүлүктү өнүктүрүүдөгү коомдун муктаждыгынын жогорулашы, ар бир улуттун көптөгөн муундар топтогон руханий жана материалдык маданий тажрыйбаны өткөрүп берүүгө, сактоого жана көбөйтүүгө болгон умтулуусу менен шартталган.

Адам социалдык-экономикалык туңгуюктун татаал шарттарында инсан катары "Мен киммин?" деген суроого жооп издеп, өзүн-өзү таануу зарылдыгын сезет. Ал музей мейкиндигине кайрылып, өз жообун табат, дүйнө таанымын калыптандырат, ага ата-бабалары өткөрүп берген

баалуулуктарды өзүндө бекемдейт. Ошондуктан музейдин бул маанилүү кызматтары анын алгачкы пайда болгон жылдардан бери сакталып келе жатат. Бирок азыркы коомдо музейдин кызматтары да өзгөрүлүп, аны салттуу түрдө түшүнүү тарыхта калды. Бүгүнкү күндө музей өз коомчулугунун суроо-талаптарына тездик менен жооп берген динамикалык билим берүүчү мекеме болуп саналат. Постмодерн доорунда музей көп кызматтуу социалдык-маданий мекемеге айланып, анын бул кызматтары убакыттын өтүшү менен кеңейүүдө. Салттуу кызматтарга коммуникация, социалдык инклюзия, социалдык интеграция, илимий-изилдөө, билим берүүчүлүк, көңүл ачуу жана эс алуу кызматтары кирсе, ага кошумча инсандын жана коомчулуктун иденттүүлүгүн аныктоо, мекенчилдикке тарбиялоо жана өзүн-өзү өнүктүрүүнү калыптандыруу сыяктуу ролдору жогорулоодо. Ошентип, азыркы коомдо музейдин социалдык ролу барган сайын өсүүдө, андыктан ушул багыттагы изилдөөчүлүк жумуштарынын көйгөйлөрү келип чыгат.

Ааламдашуу заманында коомдук өнүгүүнүн баалуулук приоритеттеринин өзгөрүшү руханийликти жана улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү жоготууга жана ар бир өзүнчө маданияттын өзгөчөлүгүн жоготууга алып келет. Ошол эле учурда заманбап музей социалдык мекеме катары жаңы, глобалдык маданияттын өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирип, мурдагы музейлерге караганда айырмасы чоң. Ал маданий, билим берүү, илимий изилдөө борборлорун, эс алуу жана көңүл ачуу комплекстерин бириктирип, виртуалдык форматка өтөт жана мында музейдин социалдык институт катары өнүгүү перспективалары көрүнөт. Демек, музейдин трансформациясы музей жайгашкан аймактын өзгөчөлүктөрү, адамдардын менталитети жана аймактын социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышкан музейдин өнүгүшүнүн жаңыланган концепциясын талап кылат. Ошону менен бирге эле, аймактык социумдагы музейдин өнүгүү концепциясын түзүү музейлерди изилдөө методикасын так көрсөтпөй туруп айтууга болбойт.

Аймактык социумдагы азыркы музейдин өнүгүшү мамлекет тарабынан каржылоонун жетишсиз деңгээли менен чектелип келүүдө. Бул жагынан алганда, Кыргыз Республикасы башка постсоветтик мамлекеттер менен эле катар, оор шарттарга туш болду. Музейдин иш-аракеттери мамлекет тарабынан калдык негизинде (остаточный принцип) каржыланат. Музей мекемелери ар кандай коммерциялык механизмдерди (имараттарды ижарага берүү ж.б.) колдонуп, ошондой эле экономикалык жактан "максатка ылайыксыздыгына" байланыштуу өзүнчө экспозицияларды жөн гана жаап, сырттан каражат чогултууга аргасыз болушат. Мындай учурларга жол берилбестиги азыркы учурда өкмөттүк деңгээлде, ошондой эле илимпоздордун жана практиктердин жамааттарында түшүнүлүп жетилди. Буга байланыштуу музейди өнүктүрүүнүн жаңы моделин иштеп чыгуу милдети коюлган. Кыргызстандын музей ишинин тарыхы өлкөнүн тарыхый-маданий мурасынын бир бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан музей

социологиясы жана музей иши жаатындагы ар кандай изилдөөлөрдү жалпылоо зарылдыгы келип чыкты жана бул контекст изилдөө темасынын актуалдуулугун да аныктайт.

Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргызстандагы музейлердин санын көбөйтүүгө эмес, алардын сапаттык мүнөздөмөлөрүн өнүктүрүүгө багытталган музейлер тармагын өнүктүрүү перспективаларын аныктоо зарылчылыгы менен күчөтүлөт. Азыркы коомдун муктаждыктарын канааттандырган музейди социалдык-маданий институт катары өнүктүрүүнүн зарылдыгы менен аны өнүктүрүүнүн так концептуалдык негиздери жоктугунун ортосундагы карама-каршылыктардан келип чыгууда.

**3. Илимий натыйжалар.**

Кыргыз социология илиминде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөө, анда өзгөрүлмөлүү коомдогу музейлердин орду Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында социологиялык жактан изилденип талданды.

1. Өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык институт катары музейдин ролу, мааниси жана социалдык кызматтары жаңы көз караште каралган.

2. Музейди өнүктүрүүнүн чет элдик жана ата мекендик тажрыйбаларды жалпылоонун негизинде системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулардын алкагында социалдык институт катары анын жаңы мазмуну аныкталган.

3. Заманбап аймактык социумда музейди өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жана факторлору аныкталып, жаңы көз караште системалаштырылган.

4. Эмпирикалык изилдөө материалдарынын негизинде биринчи жолу аймактагы музейдин жана музей ишмердүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өнүгүү перспективалары аныкталган.

5. Азыркы коомдогу социалдык институт катары музейди өркүндөтүүнүн багыттары жана жолдору алгачкы жолу аныкталган.

6. Аймактык социумдагы музей жана музей ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн автордук концепциясы алгачкы жолу иштелип чыккан.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

1. Диссертациялык изилдөөдө алынган натыйжалар музей социологиясы, маданият социологиясы, институционалдык социология жана күнүмдүк турмуш социологиясы жаатындагы теориялык билимдерин жогорулатууга багытталган.
2. Заманбап коомдогу музейдин өнүгүшүнө таасир этүүчү факторлордун тутумдаштырылышы музейди социалдык институт катары жана коомдогу маданиятты өнүктүрүүнүн маанилүү багыттарынын бири катары изилдөөгө жаңы салым кошот.
3. Музейди системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулары алкагында изилдөө заманбап музей концепциясынын жаңы теориялык көз

карашын өркүндөтүүгө жана аны андан ары изилдөө үчүн жаңыланган методологиялык негизди түзүүгө өбөлгө түзөт.

4. Иштелип чыккан автордук изилдөө инструментарийи (изилдөө программасы, анкета, эксперттер үчүн анкета) аймактагы жана өлкөдөгү музей ишмердигинин өнүгүшүнүн мониторингинин программаларын иштеп чыгууга негиз боло алат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын социология илимине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Изилдөөдөгү музейлердин коомдогу ишмердүүлүгү, аларды жөнгө салуу, башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндөгү маалыматтар, аларды анализдөө, иштелип чыккан сунуштар жана жыйынтыктар социология, музей таануу, тарых жана башка коомдук илимдер үчүн теориялык мааниге ээ болот.

Диссертациядагы музейлердин коомдогу ордун изилдөөдөгү социологиялык анализ мамлекеттик стратегиялык пландарды иштеп чыгууда, болочок илимий изилдөөлөрдө, жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттар диссертациянын мазмунунда толугу менен чагылдырылган. Авторефераттар диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келип, кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы диссертациялык ишинде алдыда эске ала турган айрым мүчүлүштүктөрдү белгилеп коюуга болот.

1. Диссертациялык иштин теориялык бөлүгүндө негизги тексттик сүйлөмдөр орус тилиндеги адабияттардан которулгандыгына байланыштуу айрым жерлеринде которулган ой-пикирлер сүйлөмдөрдүн так маанисин билдире албай калган учурлары бар.

2. Диссертациялык иш социология илимине арналгандыктан диссертант тарабынан жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн натыйжалары салыштырма (сравнительный) ыкмасын эске алуу менен борбордук музейлердин абалы менен салыштырып социологиялык талдоо жүргүзүлүп койгондо диссертациялык иш мындан да салмактуураак болуп калат эле.

3. Бүгүнкү күндө музейлер өзүнүн ишмердүүлүгүн заманбап маалымат каражаттары аркылуу коомго жайылтып жатканын эске алганда бүгүнкү музейлер коммуникация интернет, теле-көрсөтүү, радио жана технологиялык

веб-сайттарын ачуу аркылуу өз ишмердүүлүгүн өркүндөтүү керек экендигине көңүл буруу зарыл.

**7. Сунуштар:**

1. Кыргызстандагы музейлердин тарыхый баалуулуктарды изилдөөдөгү жана сактоодогу ордун социологиялык изилдөөнүн материалдарына таянып, практикалык сунуштарды кененирээк жана толугураак ачып көрсөтүп берсе жакшы болот эле.
2. Диссертациялык иштин натыйжаларын чагылдырууда колдонулган таблицалар, дагы да ар кандай диаграммалык көрсөткүчтөр менен кененирээк, тереңирээк талданып бергенде диссертациялык иштин мазмуну дагы да салмактуураак болуп калат эле.
3. Диссертациялык иштин жүрүшүндө диссертант тарабынан колдонулган адабияттардагы маалыматтарды чагылдырууда салыштырмалуу ыкмасын колдонуп ар кандай аймактык өзгөчөлүктөрдү ошондой эле автордук өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен алардагы айырмачылыктарды салыштырып чагылдырып берсе диссертациялык иштин мазмуну дагы да салмактуураак болуп калмак.

**8. Сунуштамалар:**

1.Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы заманбап музейлерди модернизациялоонун негизги багыттары катары музей комплекстерин жана ачык музей мейкиндиктерин өнүктүрүү жана музей ишинин жаңы формаларын иштеп чыгуу зарыл экендигин көрсөтүү керек.

2. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын шартында аймактык музей ишин өркүндөтүүнүн негизги жолдорунун жана багыттарынын бири катары - тармакты кеңейтүү жана өнөктөштүк деңгээлин тереңдетүү ошондой эле - кадрлардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу зарыл болуп эсептелет.

3. Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгында иштелип чыккан концепцияга аймактагы музейлердин өзгөчөлүктөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө карай өзгөртүүлөрдү киргизип, Кыргызстандагы музейлердин тарыхый баалуулуктарды изилдөөдөгү жана сактоодогу ордун кененирээк ачып көрсөтүү зарыл.

4. Социологиялык изилдөөнүн программасынын айрым бөлүктөрүн толуктап, социологиялык изилдөөгө алынган музейлердин коомдогу ордун аймактык өзгөчөлүктөрүнө карай аныктап жыйынтык чыгаруу керек.

**9. Корутунду:**

Изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишинде анда заманбап музейдин потенциалы, анын социалдык ролу жана коомдогу функциялары ачылып берилген. Жүргүзүлгөн анализдин негизинде изилдөөнүн методикалык жана усулдук

милдеттери боюнча корутундулар чыгарылып, музейлерди аймактык коомдо өркүндөтүүнүн жолдору жана багыттары белгиленген. Диссертациялык иштин жалпыланган жыйынтыктары социалдык өнөктөштүк жана диалог принциптеринин негизинде музейлердин иштешин жаңыча түшүнүү керек деген талдоо менен байланышкан негизги илимий категорияларга берилген аныктамалар, социологиялык парадигмалар жана классик-социологдордун көз караштары талданган. Изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин бул диссертациялык ишинде музейлерди жана музей ишин өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан автордук Концепцияда чагылдырылган. Бул Концепция өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык-маданий институт катары музейдин жаңы статусун бекемдөөгө багытталган. Концепцияны жүзөгө ашыруу музейди социалдык жана маданий инновациялардын механизми катары консолидациялоого түрткү бере тургандыгы көрсөтүлгөн.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары келечекте музейлерди өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу менен аймактагы музей ишин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Бул сунуштар музей ишин өнүктүрүүнүн мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү программаларын иштеп чыгууда келечектүү натыйжаларын көрсөтө алат. Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары музейлердин өнүгүшүнүн аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары бийлик менен администрация, бизнес коомчулуктары, коммерциялык эмес уюмдар, ыктыярдуу уюмдар жана башка жарандык кыймылдар менен демилгелердин арасында маданият, искусство жаатында карым-катнашты орнотууга зор көмөкчү болуп берет.

Мына ушул натыйжаларды эске алганда Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы диссертациялык иши көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациялык талаптарга жооп берет. Демек, социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын кабыл алууга болот.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору

(кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**
**философия илимдеринин доктору, профессор** **К. Исаев**

**К.Исаевдин кол тамгасын тастыктаймын:**
**Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**саясат таануу илимдеринин доктору** **Ч. Ш. Абдыраманова**
**“_14_” ____10______ 2021-ж.**

"13" октября 2021 г.
Я, БАЙХАНБАЕВА ДИАНА ЗАХИРОВНА, частный нотариус Первомайского нотариального округа г.Бишкек Кыргызской Республики, свидетельствую подлинность подписи Исаева Кусеина
которые сделаны в моем присутствии.
Личность подписавш его документ установлена
дееспособность проверена.
Зарегистрировано в реестре за № 132-1758
Взыскано государственной пошлины 50.00 сом

Прошнуровано, пронумеровано на 8-ми листах (стр.)